УДК: 94 (575.2)

*Каниметова Р. Б. Т. Сатылганов ат. мектеп-лицей-интернатынын тарых мугалими*

## ЧИРКЕЙДИН ЧЫГААН УУЛУ

*Макалада кыргыздардын тагдыры, келечеги үчүн бүт өмүрүн арнаган, элдин таалайына жаралган, алгачкы өкмөт башчы, чиркейдин чыгаан уулу Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана саясий ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалат. Ал өзүнүн замандаш, таламдаш, тагдырлаштары менен бирге кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү, мамлекеттин келечектеги бактысы, бейкут турмушу үчүн канын-жанын аябай, тагдырдын оор сыноолорунда чыйралып, билимге, жаңы турмушка умтулуп, элдин, мамлекеттин керегине жарап, анын түптөлүп, өнүгүшүнө кошкон баа жеткис эмгектери чагылдырылды.*

***Өзөктүү сөздөр**: чыгаан уул, улуттук-боштондук кыймыл, кызыл гвардия, ак гвардия, улуттук мамлекет, автономдуу область, республика.*

*Каниметова Р. Б., учитель лицей-интерната им. Т. Сатылганова*

## СЛАВНЫЙ СЫН ЧИРКЕЯ

*Статья посвящена первой главе государства, славному сыну чиркея Жусупу Абдрахманову, его государственно-политической деятельности, вся жизнь которого была посвящена служению своему народу, борьбе за его светлое будущее. В нём отражен его бесценный труд и труд его современников-единомышленников, которые пожертвовали своей жизнью за государственность и развитие кыргызского народа, перенеся все невзгоды судьбы.*

***Ключевые слова:** славный сын, национально–освободительное движение, красная гвардия, белая гвардия, национальное государство, автономная область, государство.*

*Kanimetova R.T., history teacher T. Satylganov high school*

## THE QLORIOUS SON OF CHIRKEI

*The article is dedicated to the state and political activity of JusupAbdrakhmanov, the first head of state, the qlorious son of Chirkei, who devoted all his life to the briqht future of Kyrgyz people .It reflects his invaluable work and the work of his contemporaries,like-mindedpeople,who sacrificed their lives for the nationhood and development of the Kyrgyzpeople,havinq endured all the hardships of fate.*

***Keywords:** qlorious son, national and liberation movement, redquard, white quard, national government, autonomous reqion, state.*

Мен жана менин совет мезгилиндеги замандаштарым тарых предметинен 1965-жылы А. Г. Зиманын жалпы редакциясы астында чыккан орто мектептердин IX-X класстарына арналган «Кыргызстан тарыхы» окуу куралы боюнча билим алдык. Бул окуу куралы ошол учурдун талабына ылайык «СССР тарыхынын» мектеп курсуна кошумча болуу менен, Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалган тарыхый фактыларды камтыган. Анда тарыхый окуялар кыскача баяндалат, ал эми ошол окуяларга түздөн-түз катышы бар тарыхый инсандар, айрыкча, XX к. биринчи жарымында мамлекетти түптөп, анын калыптанышына зор салым кошкон чыгаан уулдардын кызматы, аты-жөнү эскерилбейт. Совет бийлигинин орношу карапайым элдин кылымдардан берки ой-тилек, максаттарын ишке ашырды, ошол эле учурда биз өз тарыхыбызды, тегибизди билбей маңкуртка айланып бараткаыбызды байкабаппыз. Учурда Ата Мекенибиздин тарыхын окутуп жатып, окуучуларыбыз кандай бактылуу деген ой келет.

Учурунда өзүмдүн туулуп-өскөн айылымдын чыгаан уулу Жусуп Абдрахманов жөнүндө окумак түгүл, укпаганыбыз өкүнүчтүү. Бирок ар нерсенин өз учуру бар дегендей, тарых өз баасын берип, таразалап, кыргыз мамлекетин түптөгөн инсандарыбыздын эмгеги элге жетип, сыймыктанып, алардын эмгектерин кийинки муунга үлгү катары калтыруу максатында изденип отурабыз.

Менин айылым – Таштак. Бала кезибизде айылыбыздын жарымында орус калкы жашагандыктан, Каменка деп аташа турган. Алар менен ынтымакта чогу ойноп, чогу өстүк, бирок азыркы учурда алардан саналуу гана адамдары калышты. Дагы биздин айылды Чиркей деп коюшат. Айрыкча, Таштактан же Жаркынбаевден болом десең, «аа, чиркейлик турбайсыңбы» деп калышат. Ар ким өзү туулуп-өскөн жери менен сыймыктанат эмеспи, мен да өз айылым, андан чыккан инсандар менен сыймыктанам. Алар Советтер Союзунун Баатыры К. Жаркынбаев; акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Жолдошбай Абдыкалыков; акын, драматург, котормочу Эрнис Турсунов ж. б. Бирок ушул улуу адамдардан да бийик турган айлыбыздын чыгаан уулу Жусуп атабыз менен өзгөчө сыймыктанам. Биз баарыбыз Чиркей атабыздан тараганбыз. Чон энем Айкүмүш Чиркейдин Акбай уруусунун кызы, чоң атам Иса Корумдудан Таштакка келип, Үкүтай уруусуна түтүн болуп кирген, Сөлпүдөн Жусуп атабыз. Жусуп атабыздын өмүрү, эмгек жолуна кайрылып жатып, бул адам жөнүндө ар бир кыргызстандык билип, сыймыктанып, ар бир мекемеде анын портрети илинип, ошол адамдай мамлекет үчүн кам көрүп, элге кызмат кылса деген ойго келесиң.

XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын колониялык саясатына ылайык, Орто Азия аймагы Түркстан крайынын Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Самарканд, Фергана облустарынын курамына кирген. Бул облустардагы кыргыздар бирдиктүү административдик аймакка бириге албай, бытыранды абалда калышкан. Бытырандылыктын кесепети кыргыз элин өтө оор абалга алып келген. 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймыл – кыргыз элинин кара тамга менен жазылган тарыхы. Эмне деген жоготуулар, элдин муң-кайгысы. Кыргыз жергесинде, айрыкча, Түндүк Кыргызстанда ар бир үй-бүлө жон териси менен сезген. Жусуп да бул каргашалуу оор күндөрдө өзүнүн ата-энеси баш болгон эң жакын адамдарынан айрылат. Ж. Абдрахманов күндөлүгүндө: «29.10.30-ж. «Хан-Теңри» кино тасмасын көрдүм. Көзгө жакын тааныш жерлер. Түз-Ашуу ашуусунун этегинде, Эңилчек дайрасынын жогор жагында бир тууганымды түбөлүккө калтырдым, ошол жерде атам ооруй баштады. Азыр мен атамдын ар дайым сүйкүмдүү тартып турган жүзүн, агамдын сулуу, олуттуу жана жүзүндө катаалдыктын изи бар бетин даана эстеймин. Андан бери 14 жыл өтсө дагы кымбат адамдардын өң-келбеттери унутулбайт. Анда, атам менен агамдан бир жумада ажырап, тирөөчсүз жана жардамсыз калганда ыйлаган эмесмин, азыр болсо ошол мезгилди ойлосом, негедир жаман болуп кетип жатам» - деп жазат.

Тарых илимдерин доктору, проф. А. С. Ормушевдин иликтөөсү боюнча Ж. Абдрахмановдун жээни Жайыков Мухамбеткалый буларга токтолот: «Ыраматылык Бурулкан апамдын атасы Абдраман (Абдрахман) Балапанов 1865-жылы төрөлүп, 1917-жылы 52 жашында Кытай жергесинен Көлгө келе жатканда жугуштуу оорудан өзү, аялы, жети баласы менен чогу каза болушканын айтып ыйлап калаар эле. Көрсө, Абдрахман таятам 17 жашында үйлөнүп, 1910-жылга чейин 14 балалуу болот: 9 кыз, 5 эркек. Тилекке каршы, 2 уулу, 2 кызы кичине кезинде эле каза болот. 6 кызы, 1 уулу Кытайдан кайтып келе жатканда каза болушкан. 14 баладан Жусуп, иниси Токо жана эжеси Бурулкан үчөө гана аман-эсен калышкан. Бурулкан Кытайга ата-энеси менен эмес, өзүнүн кайын атасы менен качышкан экен».

Элдин Кытай жергесине баргандагы кыйынчылыгы, жугуштуу келте оорусунун жайылышы, бараткандагы жана кайра кайтып келаткандагы орус кулактарынын, казак-орустарынын элди тозуп көргөзгөн кордугу, жакындарынан ажыроо, баягы эч нерседен капарсыз ата-эне мээримине бөлөнгөн эрке баланы тез эле алтын балалыгынан ажыраткан. Жусуп буга чейин 1909-ж. айылдагы молдодон, кийин1910-1915-жылдары Сазановка айылындагы орус дыйкандардын балдары үчүн уюштурулган башталгыч мектептен, 1915-1916-жж. Караколдогу эки жылдык Жогорку башталгыч билим берүү мектебинен билим алып, орус тилин мыкты өздөштүргөндүгүнөн, Караколдогу орус аскер гарнизонунда ат багып, ар кандай кара жумуштарды аткарып күн көрөт. Подполковник Бычков Жусуптун жөндөм, шыгын байкап өзү менен Верныйга ала кетет. Ошентип, Жусуп Совет бийлиги орногондо 1918-жылы мартта Морозовдун кызыл гвардиясына өтүп, ак гвардиячыларга каршы Жети-Суу фронтунда эскадрондун командиринин жардамчысы болуп кызмат өтөйт. 1919-жылдын башында он сегизге толо элек кезинде Верныйдагы командирлер курсуна жиберилет. Кийин жабылып калып, Ташкенттеги В. И. Ленин атындагы аскердик мектепке которулуп, болгон аракетин көрүнүктүү командир болууга жумшайт. Бирок ооруга байланыштуу 1919-ж. армиядан бошотулат. Ушул жылдарда шаардык жаштар советинин курамына кирип, Түркстан РКСМ бюросунун президиумуна мүчө жана Жети-Суу областтык бюросунун мүчөсү болуп шайланат. 1920-жылы Москвага РКСМдин III съездине делегат болуп катышып, В. И. Ленин менен сүйлөшүп, өтө таасирленип кайткан. Ал Совет бийлиги жарыялаган идеяларга ишенген жана аларды турмушка ашырууга чын дили менен аракеттенген. Борбордук Азиянын райондук, областтык, крайлык комитеттеринде ар кандай деңгээлдеги кызматтарды өтөп, комсомолдук, партиялык уюмдардын түзүлүп, чыңдалышына убактысын, күчүн, билимин, акылын жумшаган. Ошол мезгилде Казакстандын өз алдынча АССР болушу, кыргыздардын дагы деле Түркстан АССРинин курамындагы Жети-Суу, Сыр-Дарыя облустарында калышы, кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ боло албаганы жанын кейиткен. Абдыкерим Сыдыков, Ишенаалы Арабаев, Жусуп Абдрахмановдор Түркстан АССРинин курамында Кыргыз Тоолуу облусун түзүү маселесин алып чыгышкан. Ушул эле жылы Казак АССРинин курамына Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын берүү маселеси көтөрүлүп, кыргыздардын саясий абалын оорлоткон. 1922-жылы жазында Кыргыз Тоолуу автономиялуу облустун түзүү маселесин кайрадан көтөрүп чыгышып, бирок ошол кездеги уруулук, топтук күрөштүн айынан маселе чечилип-чечилбей натыйжасыз болуп калган. Бирок кыргыздардын өз алдынчалыгын көксөгөндөр СССРдин Борбордук Аткаруу Комитетинин Улуттар Советине доклад кат менен кайрылышып, Түрк КП БКнын, Түрк БАКтын; Ортоазбюросунун кеңешмелеринде кыргыз автономиялуу облусун түзүү маселесин кайра-кайра көтөрүп чыгышып, далай талаш-тартыштарга кабылышып, курч күрөштөрдө туруштук беришип, 1924-жылы 14-октябрда Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүдө РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү менен максаттарына жетишкен. Бул жеке эле алардын эмес, жалпы кыргыз элинин эңсеп келген кубанычы болгон. 1924-жылы 21-октябрда Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун убактылуу облустук партбюросу уюшулуп, анын 1-катчылыгына М. Каменский, 2-катчылыгына Ж. Абдрахманов дайындалат.

1926-жылы 1-февралда Кыргыз автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайра түзүлөт, анын өкмөтүнүн төрагалыгына (ЭКСтин) Ж. Абдрахманов дайындалып, 1933-жылга чейин иштеген. Ж. Абдрахмановду социолог окумуштуу К. Исаев белгилегендей, кыргыз мамлекетинин архитектору, пайдубалды

түптөгөн, өсүп-өнүгүү багыттарын белгилеген, даанышман, акыйкатчыл, өз заманынын улуу саясий-мамлекеттик ишмери, калктын лидери болгон! Күн-түн дебей талыкпаган эмгегинин аркасы менен техникалык-экономикалык жактан артта калган өлкөнү индустриялуу өлкөгө айланта алды, бул өзүнүн өнүгүү жолунда капитализмди басып өтпөгөн, катнашуу жолдору жана байланышы жок Кыргызстан үчүн оор шартта ишке ашкан. Буга Жусуп атабыздын тайманбас эрки, чечкиндүүлүгү, калктын ынтымак-биримдигине, эл-жеринин бүтүндүгүнө такай кам көрүүсү жана буга чейинки Кыргызстандагы, Казакстандын Талды-Коргон, Алма-Ата, Жети-Суу аймактык бирикмелерде, Москвада Коммунисттик партиянын Борбордук Комитетинде иштегендиги жардам берген.

Ж. Абдрахмановдун демилгеси менен республикада бир топ өнөр жай ишканалары курулган. 1925-жылы Чехославакия менен Венгриянын жумушчулары “Интергельпо” деген интернационалдык кооперативдик шериктештик түзүп, Абдрахмановдун сунушу менен Кыргызстанга келип, Пишпек станциясынын жанынан 43 гектар жер участогуна сукно фабрикасын, булгаары заводун, электростанция, кирпич завод жана башка ишканаларды курушкан. Кооперативдин мүчөлөрү 14 улуттун өкүлдөрүнөн түзүлгөн. Алар негиздеген ишканалар өнөр жай продукцияларын чыгаруу менен, жергиликтүү калктан квалификациялуу жумушчуларды даярдашкан.

1926-жылдан баштап РСФСРдин өкмөтүнүн жардамы менен ири өнөр жай объектилери курула башталган. Кара-Суудагы пахта тазалоочу завод, Оштогу жибек түрүүчү фабрика, Фрунзедеги завод, Чүй суусундагы Аламүдүн ГЭСи, өлкөгө эң чон экономикалык өнүгүүнү алып келген Түркстан-Сибирь темир жолу (1926-1930-ж.ж.) иштей баштаган. Кыргызстанда 41 өнөр жай ишканасы курулган. 1932-ж. республикада 1,5 миңдей майда жана орто ишканалар менен катар 106 ири ишкана иштеген.

Айыл чарбасында коллективдештирүү мезгили, көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу, жогору жактан келген административдик чараларды ишке ашыруу өңдүү оор маселелерди чечүү Ж. Абдрахмановдун энчисине туура келген. Ал 1930-ж 15-апрелде ВКП(б) БКга жазган катында Кыргыз АССРинин «үчилтик» баш ийүүсү боюнча маселени козгогон, өз күндөлүгүндө да бийликтин айрым административдик ыкмаларын туура көрбөгөнүн белгилеп жазган.

Кыргыз улутунун жана улуттук мамлекеттин өнүгүшүн андан ары тездетүү жолу катары Орто Азиялык федерацияны түзүүнү суранган, бирок бул маселе чечилбей узакка созулганда, ал Кыргыз АССРин Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы кылып кайра түзүүнү суранат. Кыргыздын чыгаан уулу Эл комиссарлар Советинин төрагасы кызматына келгенде болгону 25 жашта болгон. Жусуп 6 жыл 6 ай өкмөттү жетектеген.

Биздин мектепте окуучулар химия-биология, математика-физика, тил-адабият, тарых ж. б. боюнча темаларды тандап алышып, иликтөө иштерин жүргүзүп келишет. Тарых предметине кызыккан таланттуу окуучуларыбызды Абдрахмановдун теги, өмүрү, үй-бүлөсү, кызматтардагы мамлекет үчүн сиңирген эмгектери кызыктырбай койгон жок, алар да өз деңгээлинде өздөрүнүн алгачкы иликтөө иштерин жүргүзүшүп, алды Таштак айылына барып урук-туугандарына кезигишип, Жусуп атабыз жөнүндө билген адамдардан сурамжылап, айыл окуучуларынан анкеталарды алышып, кызыктуу маалыматтарга ээ болуп, баяндамаларын жазышкан. Алар бул иштерин мектепте өткөрүлгөн окуучулардын илимий конференцияларына алып чыгып, Жусуп атабыздын жана аны менен үзөнгүлөш эмгектенген А. Сыдыков, А. Орозбеков, И. Айдарбеков, К. Тыныстановдордун кыйынчылык, бут тосууларга карабай кыргыздын бир бүтүн эл катары түптөлүшүнө, Ата Мекенди сүйүү, коргоо сезимдери жандарынан артык болгонун, улуттук-биримдиктин ролу канчалык экендигин көрсөтүшүп,

конференциянын катышуучуларын ушул адамдардын үлгүсүндө чынчыл, ак ниет, атуулдук сезимдери күчтүү, билимдүү болууга чакырышат.

Жыйынтыктап айтканда, Жусуп Абдрахманов – бүт өмүрүн калктын, мамлекеттин келечеги үчүн арнаган, кыргыз элине, жалпы кыргызстандыктарга ак дилден кызмат өтөгөн, жалгыз Чиркей айылымдын эмес, Кыргызстандын чыгаан уулу жана өсүп келе жаткан жаш муундардын атасы.

**Адабияттар:**


1. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. -Ф.: Кыргызстан, 1991.
2. Ормушев А. С., Жумалиева В. Б., Жусуп Абдрахманов – чыгаан мамлекеттик ишмер. –Бишкек. -Каракол, 2021.
3. Исаев К. Кыргыз таануу маселелери. -Бишкек, 2012.
4. Байдилдеев Ж. Тарых табериги. -Бишкек, 2006.
5. Сапаралиев Д. Эл зар – Жусуп. –Бишкек, 2011.